# Алишер САКЕБАЕВ:
# «Кең Өзөндө кедей жашоо кечиримсиз»

**Алишер Абдышевич Сакебаевдин өмүр таржымалы Чүй облусу менен тыгыз байланышта десек жаңылышпайбыз. 1990-жылы 14-декабрда Чүй облусун түзүү боюнча уюштуруу комитетинин түзүмү тууралуу тунгуч президенттин Указы чыгып, 13 кишиден турган комитеттин курамында А.Сакебаев да болгон. Буга чейин Чүй райондору республикага баш ийген райондор деп официалдуу эсептелчү.**

**Чүй облусу уюшулган учур СССР деп аталган 15 республиканы камтыган бүтүндөй чоң держава тараган кезге туш келди. Бул эң чоң тарыхый окуядан кийин эгемендикке ээ болгон мурунку советтик мамлекеттер үчүн өзүнчө бир доор, жаңы тарых бети башталды.**

**Облус катары өзүнчү аталышка ээ болгон Чүй облусу үчүн да жаңы тарых бети ачылып, структуралык мекеме-уюмдар түзүлүп, көптөгөн жаңы аталыштар пайда болду. Бул учурда Ысык-Ата райондук кеңештин төрагасы болуп иштеп жаткан А.Сакебаев да жаңы "аким" деген ат менен Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясын жетектөө үчүн шайланган. Жаңы түптөлүп жаткан жаш мамлекет башынан кечирген өткөөл кырдаалда жооптуу кызмат жүгүн артынган башка жетекчилер сыяктуу эле Алишер Сакебаев да өз вазийпасын жоопкерчилик менен аткарып, өзү жетектеген аймактын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп дегендей, кандай кыйынчылыктар болбосун аны ар-намыстуулук менен жеңип, майышпай ак кызмат өтөп келет.**

**Алишер Сакебаев райондун акими кызматынан облус губернаторунун биринчи орун басарына чейинки эмгек жолунда өзүн чарбачыл жетекчи сапаты менен айырмалана алды. Ал биринчи орунга экономикалык өсүштүн өзөгүн түзүүчү айыл чарба тармагын коюп, ага көп көңүл бурат.**

**Чүй облусу айыл чарбасы, өнөр жайы кеңири өнүккөн эң чоң аймак катары республиканын өнөр жай продукциясынын 40тан ашык процентин камсыздаары маалым. Мына ушундай өнөр жайлуу өрөөндүн ири райондорунун бири – Ысык-Ата районун жетектеп келаткан Алишер Абдышевич Сакебаевге юбилей алдында атайын жолуктук.**

**- Республиканын жалпы экономикалык өсүшүнө, анын ичинде айрыкча айыл чарба, өндүрүш тармактарына Чүй облусунун кошкон салымы өтө чоң. Анын ичинен сиз жетектеген Ысык-Ата районунун өз салмагы бар. Бүгүнкүдөй жеңил эмес кырдаалда район кандай күн көрүп жатат?**

- Ооба, Чүй облусу республиканын өнүп-өсүшүнө чоң салым кошкон облус экени ырас. Өнөр жай продукциясын өндүрүү боюнча 40 пайыздан ашыгын, сүт-эт боюнча үчтөн бир бөлүгүн камсыздайт, ал эми жашылча-жемиш боюнча жалпы көрсөткүчтүн 50 пайызга жакынын түзөт. Эгин боюнча деле ошондой. Кыскасы, Чүй өрөөнүндө эгин жакшы болсо, анда республиканын курсагы ток болот десек болот.



учу ишкананын ишке кириши болду. Анын кубаттуулугу – жылына 500 миң тонна күйүүчү май чыгарат. Сырьену болсо Казакстандан алып жатабыз. Мында күйүүчү майлардын түрлөрүнөн 80-маркадагы бензин, мазут, солярка өндүрүлөт. Ал эми Интернационал айыл округунда таш талкалоочу цехти ишке киргиздик. Бул цех жылына 150 миң тонна кум, таш шагылдарын чыгарат.

Белгилүү датага арналып курулуп жаткан 20 обектинин ичинен 10 обьектиси - өнөр жай тармагына тиешелүү, калганы - социалдык обьектилерден болуп саналат. Социалдык обьектилердин бири – Кант шаарында коомдук мончонун ачылышы болду. Ал мончо заманбап жасалгаланып, жабдылды. Ичинде баардык тейлөө кызматтары – массаж, буфет, ж.б. кызматтардын түрлөрү бар. Мындан сырткары Ивановка айыл округунда хирургия-травматология-майыптык бөлүмүнүн курулушу

аймактардагыдай эле бизде да мугалимдер тартыш. Мендеги маалыматтар боюнча 67 мугалим жетишпейт. Бир эле мугалим эки-үч предметти окутуп жаткандыгы жашыруун эмес. Аларды кошсок, мындан да көп санда болоору анык. Быйылкы жаңы окуу жылында райондун мектептерине 12 жаш адис келди.

Мугалимдердин мектептен качып жаткан себептери деле жалпыбызга маалым. Айыл жерлеринде инфраструктуранын жоктугу жаш адистердин айылдарда байыр алып жашап калышына тоскоол болууда. Менин оюмча эң негизги себебинин бири – жашай турган квартиралардын жоктугу. Мына ушул жагдайды эске алып, эмдиги жылдан баштап жаш адистер үчүн социалдык квартираларды куруу проектисин баштоону



**ЭМГЕК ЖОЛУНАН КЫСКАЧА МААЛЫМАТ:**

**Алишер Сакебаев эмгек жолун 1976-1978-жж. Кант районундагы Калинин колхозунда парткомдун секретары болуп иштөөдөн баштаган. 1978-1982-жж. - жаңы уюшулган Ысык-Ата районунда уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жүрүп, 1982-жылдан 1984-жылга чейин Алма-Атадагы жогорку партиялык мектепти аяктаган. 1984-1986-жж. Сокулук райондук агроөнөржай бирикмесинин төрагасы, 1986-1989-жж. - компартиянын Борбордук Комитетинин айыл чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп эмгектенген.**

**Андан соң 1989-жылы Кемин райкомпартиянын биринчи секретары,1991-жылы Ысык-Ата райондук кеңештин төрагасы,1992-1996-жылдары Аламүдүн районунун акими, андан соң 1996-жылы Чүй облусунун губернаторунун биринчи орун басары кызматын аркалаган. 1998-2002-жж. Аралды сактоо боюнча эл аралык фондунда Кыргыз Өкмөтүнүн өкүлү, координатор болуп иштеген. Андан соң кайра Чүй облустук администрация башчысынын орун басары болуп иштеди. Ортодо бир аз тыныгуудан кийин үстүбүздөгү жылдын апрель айынан бери Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын акиминин милдетин аткарууда.**

боюнча өзүнүн орду бар, чоң район экенин билесиздер. Атап айтсак, өнөр жай продукцияларын жыл сайын 4,5 млд. сомго өндүрөбүз. Быйыл жыл катаал болуп калбадыбы, бирок ошого карабай, былтыркыга салыштырмалуу жылдын аягына чейин 108-110 пайызга чыгабыз деп турабыз. Райондогу өнөр жай продукциясынын 50 пайызын Канттагы цемент-шифер заводу берет. Тилекке каршы республикадагы кырдаалга байланыштуу Казакстан менен чек ара жабылып калып, заводду сырье менен камсыздоо кыйынчылыкты туудурду. Бирок ошого карабай бул завод өзүнүн темпин төмөндөткөн жок.

Заводдун ишин үзгүлтүккө учуратпас үчүн Ак-Түз, Кегетиден сырье ташып, абалдан чыгып жатышты.

Мындан тышкары орто жана чакан бизнестин эсебинен да жакшы көрсөткүчтөргө жетише алдык. Бул звено жыл сайын 1 млрд. сомдун тегерегинде продукция өндүрөт.

Райондун башкы багыты – айыл чарбасы. Бул тармак жаратылыш шартынан жана жазгы саясий окуялардан көбүрөөк жабыр тартып, убакыттан уттуруп койдук. Ошого карабастан, 105 миң тонна эгин өндүрдүк. Түшүмдүүлүгү 32,5 центнерден айланды. Кийинки жылдары кызылча өндүрүү солгундап кетти эле, район былтыр 400 гектар айдаса, быйыл 900 гектар экти. Ал эми картошка жана башка жашылча-жемиш өндүрүү боюнча да көрсөткүчтөр жаман эмес, Бул жагынан борборду, Казакстанды жабдып келебиз.

**- Маегибиздин өзөгүн Чүй облусунун 20 жылдык маарекеси түзүп жаткандан кийин район бул белгилүү датага карата кандай жетишкендиктерди жаратkandыгына токтоло кетсеңиз. Облус "20 жылдыкка - 20 обьект" деген программанын алкагында иштеп жатканы маалым.**

- Ооба, Чүй облусунун түзүлгөнүнө 20 жыл толгондугуна байланыштуу ар бир район 20 жаңы обьект куруп, ишке киргизүү милдеттенмесин аткаруу аракетинде болуп жатат. Биз пландаган 20 обьектинин 15 обьектисин толук бүтүрдүк. Калганы биздин эле аракетибизден эмес, республикалык жалпы кырдаалга көз каранды болгон белгилүү себептерден улам кийинки жылга калып калды.

Ишке киргизилген жаңы обьектилердин мисалында айтсам, биринчиси, жакында эле Ак-Кудук айыл округунда кирпич чыгарган чакан цехти ишке киргиздик. Ал цех 30 жумушчу орундук. Анда суткасына 30 миң бышкан кирпич даяр болот. Андан кийинкиси – Логвиненко айыл округунда мунай зат иштеп чыгаруу ишке киргизилди. Ал кувейттик инвесторлордун жардамы менен курулду. Алар корпустун курулушуна 15 млн. сом жумшашып, 1,5 млн. сомго жабдууларын алып берди. Имарат толук аяктап, бүгүнкү күндө иштеп жатат. Ошондой эле Красная-Речка айыл округунда спорт комплекси ишке кирди.

**- Ал эми ишке кирбей калган обьектилер кайсылар? Аларды келерки жылы аяктоо мүмкүнчүлүгү барбы?**

- Албетте, кудай каалаca, келерки жылы аяктап, ишке киргизебиз деп турабыз. Маселен, Сын-Таш айыл округунда курулуп бүтпөй калган кирпич цехинин 70 пайызы аяктап калган болчу. Ага каражат жумшап жаткан инвестор революциядан кийин кооптонуп каржылоосун токтотуп койгон. Эки жактуу сүйлөшүүлөрдөн улам жаңырган жылда улантмакчы болуудa. Люксембург айыл округундагы Ваккер атындагы орто мектеби газ менен жылытылчу. Газ менен жылытуу кымбатка түшүп жаткандыктан, жылытуу системасын көмүр менен жылытууга өткөрөлү дегенбиз. Аманчылык болсо, келерки жылы аяктайбыз. Туз айыл өкмөтүндөгү Жээк айылындагы клубдун ремонту да кийинки жылга калды. Келерки жылы дагы бир колго алчу обьект - "Тюльпан" деп аталган окуучулардын жайкы эс алуучу лагери. Ага жайкы эс алуу учурунда аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын жайгаштырабыз. Ал жерде жайкы сезондо 1200-1300 баланы эс алдырууга мүмкүнчүлүк бар.

**- Балдар демекчи, мектеп турмушуна кандай көңүл бурулууда? Учурда мугалимдер тартыш болуп жаткандыгы белгилүү. Бул маселени чечүүдө кандай иштер аткарылып жатат?**

-Райондо 48 мектеп бар. Башка пландаштыруудабыз. Үч айылда эки-экиден 6 үй тургузалы деп жатабыз. Проектиси даяр. Ар бир үйдүн каржысы 1 млн. сом болот экен. Биздин шарт – жаш мугалим ал жерде 5 жыл иштеп берүүсү керек. Жыл сайын жок дегенде 5-6 үйдөн салып берип турсак, абалдан чыгабыз деп ишенем.

**- Колдоого аларлык жакшы демилге экен. Жетекчи катары мындан башка дагы азыр Сизди эмне түйшөлтөт?**

- Биринчиден, дыйкандардын эмгегине көңүл бурсак. Мисалы, эгин чаап жатканда бизнесмендер дыйкандардан буудайдын килосун 6 сомдон алып кетишип, кампасына салып коюшту. Өкмөттүн сентябрдын аягындагы эгиндин баасы 10 сомдон болсун деген чечими кимге пайда алып келгендиги айтпаса да маалым. Андыктан мамлекет жыл башында эле эгиндин баасын бычып берсе, дыйкандарга жакшы болмок. Бул дыйкан өндүргөн башка продукцияларга да таандык. Дыйкандардын маңдай тер төгүп тапкан кирешеси акталса эле кем-карчтарынан арылмак, жашоо деңгээли оңолмок.

Сары Өзөн Чүй ээлтеден дыйканчылыкка, малчылыкка ыңгайлуу. Андыктан берекеси төгүлгөн кең Өзөндө кедейчиликте, жетишпей жашоо кечиримсиз иш деп ойлойм.

Ушул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, Сары өзөндүктөрдү 20 жылдык юбилейи менен куттуктап кетким келет. Баарына бакубат жашоо, аманчылык каалайм.

**- Рахмат, Алишер Абдышевич. Убактыңызды бөлүп, кызыктуу маек куруп бергениңизге рахмат. Ишиңизге ийгилик, өзүңүзгө бекем ден соолук каалайбыз.**

**Айнагүл КАШЫБАЕВА**